**Кыргыз Республикасынын Борбордук щайлоо комиссиясына Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына № 29 шайлоо округунан талапкер А.И. Кулбараковдун Борбордук шайлоо комиссиясындагы шайлоо боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү О.Ы. Токтоналиевден. байл. ном [redacted]**

Бишкек шаары, [redacted]

Мен Сиздердин назарыңыздарга шайлоо учурундагы Кочкор районунун Исакеев айылындагы “ Наристе” бала бакчага балдар уктоочу керебеттерди алып берүү фактысы тууралуу социалдык тармактарда жүргөн видео тасманын көчүрмөсүн жиберип жатам. Аталган видео тасмада бала бакча кызматкерлери Ормон аттуу жигитке (№ 29 шайлоо округунан талапкер Белеков Адилеттин аталаш бир тууганы, шайлоо үгүт иштеринде колдоп жүрөт) ыраазычылык билдирип жаткандыгы көрүнүп турат (видео тасманын көчүрмөсү тиркелет). Бизге жеткен маалыматтарга таянсак видео тасма социалдык тармактарга тарай баштаганда, бул факты боюнча Кочкор райондук ички иштер бөлүмү тарабынан сурак иштери жүргүзүлүп баштаган. Жогорудагы факты шайлоо мыйзамдарын одоно тепселеп, шайллочулардын добуштарын сатып алуу болуп эсептелерин баарыбыз билебиз. Бул ишке катарлаш, Тогуз-Торо районундагы Кош-Булак айылына көк бөрү ойночуу тай казанды орнотууга аталган талапкер тарабынан даярдыктар жасалып жатат деп үгүт иштери жүрүп жатканда баса белгиленген.

Жогоруда аталган фактыларды тийиштүү мамлекеттик органдар тарабынан так жана акыйкат изилдетип берүү тапшырмасын жана жыйынтыгы менен мыйзам чегинде тийиштүү юридикалык баа берүүнү өтүнөм.

Тиркеме: USB эс түзмөк,

Терең урматтоо менен,

**Ыйгарым укуктуу өкүл** **О.Ы. Токтоналиев**